2019/2020

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы

Математика

2-күн

Фамилиясы/ Фамилия		Аты/Имя	
Атасынын аты/ Отчество			
Мектеби/Школа		Айылы/ Село	
Району/Район		Шаары/ Город	
Облусу/Область			
Телефону/ Телефон			
Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе			
Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя			

Нускамалар

Математика боюнча окуучулардын республикалык олимпиадасынын райондук этабы эки тур менен өткөрүлөт.

Экинчи турга 4 саат убакыт берилет.

Олимпиаданын экинчи турунда ар бир катышуучуга 3 тапшырма камтылган жеке дептер берилет. Ар бир тапшырма 7 упай менен бааланат. Бардык тапшырмаларды толугу менен чыгаруу талап кылынат, жооптору да толугу менен жазылышы керек. Чыгарылыштарды, эсептөөлөрдү ж.б.у.с. аткарыш үчүн ар бир катышуучуга черновик берилет. Черновиктерге чыгарылыштарды жазып, комиссияга дептер менен чогуу тапшыруу керек. Бирок черновиктеги жазуулар калыстар тобунун чечими боюнча катышуучунун ишин баалоодо айрым гана талаш-тартыш учурларда эсепке алынат.

Экинчи турдун тапшырмаларын чыгаруу боюнча апелляция бекитилген тартипте өкөрүлөт.

Ар бир катышуучунун жанында төмөнкү нерселер болушу керек:

- Жазуу үчүн көк түстөгү гана сыясы бар калемсап;
- Чертёждорду чийиш үчүн сызгыч, циркуль, карандаш жана өчүргүч.

Олимпиада өтүп жаткан учурда катышуучуларга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- өчүрүлгөн болсо да, жанында кандайдыр бир байланыш каражаттарын алып жүрүүгө: электрондук эсептөө каражаттары, маалыматтык колдонмолор, окуу китептери, конспекттер жана башка маалымат булактары;
- орун которууга, сүйлөшүүгө, ар кандай материалдарды жана башка нерселерди бири-бирине берүүгө;
- олимпиада өтүп жаткан жерден олимпиадалык материалдарды алып чыгууга;
- дептер, черновик, жооп барактарында өзүнүн аты-жөнүн, өзү жөнүндө маалыматтарды жазууга, тапшырманын чыгарылышына же жообуна тиешеси жок жазууларды жазууга;
- тапшырмаларды эрте аткарып бүтсө дагы, аткарууга берилген убакыт бүтө электе аудиториядан чыгууга.

Олимпиаданын катышуучусу зарыл болгон учурда кабинеттен дежур адамдардын коштоосунда чыкса болот. Чыгып жатканда олимпиадалык материалдарды администратордун үстөлүнө калтырып кетиши керек.

Упайлар Баллы		Катышуучунун коду Код участника	

Бардык маселелердин жообун таап, аны негиздеп жазыш керек.

1-маселе

n – цифраларынын суммасы 2020га барабар эң кичинекей натуралдык сан

а) n санын тапкыла

б) $2n$ санынын цифраларынын суммасын тапкыла

2-маселе

Шаардан кыштакка каттаган биринчи автобус күнүгө саат 09:00 менен 10:00 аралыгында кетет, ал эми экинчи автобус саат 10:00 жана 11:00 аралыгында жөнөйт.

Биринин артынан бири жүргөн ар бир эки автобустун каттамдарынын ортосундагы аралык бирдей жана толук сандан турган мүнөттү түзөт.

Эгерде акыркы жыйырманчы автобус саат 19:05те кетсе, анда акыркынын алдындагы автобус кайсы убакытта жүрүп кетет?

3-маселе

ABC үч бурчтугунда $AB = 5$; $AC = 12$. N чекити AB жагында, P чекити BC жагында, ал эми M жана Q чекиттери $MNPQ$ төрт бурчтугу квадрат болгондой болуп AC жагында жатат.

Эгерде ABC үч бурчтугунун аянты 24кө барабар болсо, анда $MNPQ$ квадратынын аянтын тапкыла.

Маселе Задача	1	2	3	$\sum$
Упай Баллы				
Кол Подпись				